**Ж. Баласагын атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы 1-жарым жылдыкка китепкана боюнча маалымат.**

Китепканада китептердин жалпы фонду 4955.

Көркөм адабият китептери:3049

Методикалык колдонмолор:205

Окуу китептери: 1701

Окуу жылынын башталышында жалпы окуучуларга окуу китептерин график боюнча класс жетекчилер менен бирдикте таркатылып берилди. Класс жетекчилер жана класс активдери менен бирдикте китептердин сакталышын ар бир чейректе карап жана жетишпеген китептерин толуктап иш жүргүздүк.

1 – 4- кл 78%

5 – 9 – кл 91,3%

10 -11 –кл 73,26%

Китепканада окуучулар үчүн окуу залы бар, 12 орунду жана окурмандарга шарт түзүлгөн. Окуучулар жүгүртмөнүн негизинде келип окуп турушат.
Китепкана иши ар дайым окурмандар менен бирдикте иш алып барабыз.
Пландын негизинде ар бир айда окуу үчүн убакыт деген темада башталгч класстардын мугалимдери окуучулары менен бирдикте класстарында бир саат китеп окуп жатышат. Былтыркы окуу жылында эң көп китеп окуган окурмандар быйылкы окуу жылында окурман досторду өздөрүнө жолдош кылып алып келип жатышат. Октябрь айында башталгыч класстын мугалими Калыбекова Б. К. Ата – энелерге "Туура окутуу" темасында 1-4-класстардын ата –энелерине семинар өткөрдү. Декабрь айында "Мыкты класс китеп текчеси" сынагында 3 "а" классынын китеп текчеси мыкты деп табылды. Саякатчы куржун китеп окуу максатында жүргүзүлдү, мыкты китеп окууган 4 жана 3а класс табылды. И. Арабаев 130 жыл деген темада ортонку жана башталгыч звенолор менен иш чараны кыргыз тилчи мугалим Абакирова Т. Д менен бирдикте өткөрдүк.

Китепканадагы окурмандардын көп басымы башталгыч класстар, анткени аудио кыскача кызыктуу жомокторду угушат жана кооз сүрөттүү китептерди алып окуп келишет.

Биздин көздөгөн максатыбыз: Мектеп окуучуларына билим берүү тарбиялоо жана изилдөө программалары үчүн колдоо көрсөтүү. Окуучуларды ймандуулукка. Боорукерликке, эмгекти сүйүүгө, ата мекенди жана жаратылышты сүйүүгө үйрөнүүсү үчүн китепти көп , көп окуусун сунуштоо.

Китепканачы: Чыймыева А.А.

Директор : Сайдинова Н.С.